Бекитемин
Мектеп директору
__________ Арзиева Г.К.
« ___ » _______ 2022-ж.

Макулдашылды
Кесиптик уюмдун төрайымы
__________ Айдарова Б.М
« 05 » 08 _______ 2022-ж.

**Материалдык - техникалык базаны жогорулатуу үчүн жобо:**

1.1.Жалпы билим берүү уюмуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти, башкача айтканда имаратты, окуу процессине керектүү жабдууларды жана башка мүлктү бекитип берет.
1.1.Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана ээлигинен ажыратылышы мүмкүн эмес.
1.2.Жалпы билим берүү мектебинин уюштуруучусунун макулдугу менен ашканасын жана спорттук залын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күроого берүүгө укуктуу.
1.3.Жалпы билим берүү мектебинин мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп республикалык жана юридикалык жактардын, өз ыктыярлары менен кошкон каражаттар.
- депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер.
- кайрымдуулук жана максаттуу төлөмдөр саналат.

**2. Максаты:**
2.1.Республикалык жана муниципиялдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.
2.2.Жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарын каржылоо каражаттар болсо, билим берүү мектебин ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.
2.3.Билим берүү мектебинин материалдык- техникалык базасын чыңдоодо финансылык чарбалык иштерин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

**3.Милдеттери**:
3.1.Билим берүү мектеби өзүнө бекитилген жана менчик укугуна таандык болгон имараттарды жана жабдууларды, социалдык, маданий жана башка багыттагы мүлктү Кыргыз Республикасында колдонулуучу ченемдерде аныкталган деңгээлден төмөн болгон күтүүнү камсыз кылууга милдеттүү.
3.2.Билим берүү мектеби материалдык- техникалык базасын өнүктүрүү, өзүнө бекитилип берилген бюджеттик каражаттарды эсебинен жүзөгө ашырат.
3.3.Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук жана аймактык органдары билим берүү материалдык- техникалык базасын күтүү жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө, жардам көрсотүүгө милдеттүү.

**4.Жыйынтыгы:**
4.1.Билим берүү мектебинин материалдык- техникалык базасы окуучулардын билим сапатын өнүктүрүүгө, өндүрүштүк иштерге билим берүү чөйрөсүндөгү изилдөө иштерине максаттуу пайдаланылат.
4.2. Бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен сатып алынган мүлктөр мектептин өз алдынча тескөөсүнө келип түшөт жана өзүнчө балансга эсепке алынат.
4.3.Мектеп мүлктүн сакталышы жана метериалдык- техникалык базаны натыйжалуу пайдаланышы үчүн жоопкерчилик тартат.